Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

# Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№8 [16966] ИШЕМБИ, 05/04/2025

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БААТЫРЫ, КЫРГЫЗ ЭЛ АКЫНЫ СООРОНБАЙ ЖУСУЕВГЕ - 100 ЖЫЛ



5-бетте

## ОшМУ дүйнөлүк "Exclusive World Records" китебине кирди



2-бетте

## "Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу менен алекпиз"




8-бетте

## "МЕКТЕП МЕНИН ДИЛИМДЕ ЖАШАП КЕЛЕТ"



4-бетте

## ОКУУ-ТАРБИЯ ПРОЦЕССИН ЭТНОПЕДАГОГИЗА-ЦИЯЛОО



3-бетте

Ош облустук коомдук-саясий гезити
Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ
Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан
Кыдыралиева

Нөөмөтчү
А.Матиева

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

Буюртма №: 435
Нускасы: 1900

Реквизиттер:
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

Дареги: 723500, Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: 7–13–34
Жооптуу катчы: 7–10–02
Жарнак бөлүмү: 7–11–31
E-mail: oshjan@mail.ru

Гезитибиздин сайтына жогорудагы QR-код аркылуу кириңиз.

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен,
"Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

# ТЮРИНГИЯДА КЫРГЫЗСТАНДЫКТАР ҮЧҮН БИЛИМ БЕРҮҮ




Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин башкы имаратында КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Талантбек Арстанкулов, Германиянын Эрфурт шаарындагы Соода-өнөр жай палатасынын жана FAV Service gGmbH компаниясынын өкүлдөрүнүн катышуусунда "Тюрингияда кыргызстандыктар үчүн билим берүү" аталышындагы форум өттү.

Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин ректору, профессор Мамасыдыков Абдилбает Асанович Германиядан келген делегациянын өкүлдөрүнө сөз берүүнүн алдында өнөктөш катары кол сунган германиялык ассоциация тууралуу кыскача маалымат берип, форумдун жүрүшүнө ийгилик каалады.

Форумдун жүрүшүндө герман адистери тарабынан "Дүйнөдөгү экономикалык чакырыктарга карата Германиядагы дуалдык билим берүүнүн мисалында заман талабына жараша билим берүү менен бизнестин ортосундагы карым-катыштын жаңы моделдери" жана "Кыргызстандыктар үчүн билим берүү жана жумушка жайгаштыруу" багытындагы мүмкүнчүлүктөр тууралуу презентациялар жасалды.

Ошондой эле Кыргызстандын адис-жетекчилери тарабынан "Эмгек рыногунун суроо-талаптарын эске алуу менен компетенттүү, квалификациялуу адистерди даярдоодогу ЖОЖдордун, кесиптик жана орто кесиптик окуу жайлардын мүмкүнчүлүктөрү" тууралуу кенен маалыматтар берилди.

Форумдун алкагында Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин башкы имаратында "Немис тили жана маданияты" борбору ачылып, Кыргызстандыктарды Германияда ишке жайгаштырууга даярдоо жана ишке жайгаштыруу багыттары боюнча эки тараптуу кызматташуу келишимдерине кол коюлду.

**Б.Ысакова.**

# ОшМУ дүйнөлүк "Exclusive World Records" китебине кирди




Дүйнөдөгү жогорку окуу жайлардын ичинен алгачкы жолу Ош мамлекеттик университети Индиянын белгилүү "Exclusive World Records" китебине кирди. Жакында окуу жайдын Эл аралык медицина факультетиндеги иш-чарада "Exclusive World Records" (Эксклюзив Ворлд Рекордс) уюмунун өкүлү ректор Кудайберди Кожобековго тастыктоо төш белгиси менен диплом тапшырды.

Рекорддор китебине киргүүдө негизги критерий катары индиялык студенттердин арасында окуу жайлар тууралуу жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгы каралган. Анда ОшМУ тууралуу оң пикирлер басымдуулук кылып, жогорку баага ээ болгон.

Иш-чаранын жүрүшүндө ОшМУнун эл аралык медицина факультетинде билим алып жаткан 4000ге жакын студент салтанаттуу түрдө ант берди. Учурда ОшМУда 9000ге жакын чет элдик студент билим алууда.

"Exclusive World Records" – дүйнө жүзүндөгү өзгөчө жетишкендиктерди жана рекорддорду чогулткан эл аралык китеп болуп эсептелет.

**З.Нуралиева, ОшМУнун басма сөз катчысы.**

**Балдардын саламатчылыгы**

# Коргошундун ден соолукка тийгизген зыяны



Республикалык ден соолукту чыңдоо жана массалык коммуникация борбору ЭКОИС менен биргеликте Ош шаарында "Коргошундун ден соолукка тийгизген зыяны" аттуу сынактын жыйынтыгы жана сыйлыктарды тапшыруу аземин Ош шаардык № 17 "Ак Ниет " балдар бакчасында өткөрдү.

Белгилесек, иш -чаранын максаты: ата -энелердин жана бала бакча тарбияланууучу балдардагы коргошундун ден соолукка кооптуу экендиги боюнча маалыматтуулугун жогорулатуу; балдардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү; бала бакча менен ата-энелердин өз ара аракеттенүүсүн күчөтүү; балдарда жана чөндөрдо коопсуз жүрүм-турум көндүмдөрүн өнүктүрүү.

Ош шаарындагы мектепке чейинки даярдоо топторунун балдар арасындагы сүрөт сынагына 3 бала бакча (№13, №17, №25) катышып, 1 жума аралыгында сүрөт тартышкан. Бул сынакка 3 бала бакчадан 245 сүрөт тартылган. Анын ичинен 30дай сүрөтү сынактын жюрилери Ош шаардык мэриясынын, Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын жана Республикалык ден соолукту чыңдоо жана массалык коммуникация борборунун өкүлдөрү тарабынан бааланды жана жыйынтыкталды.

Иш- чарада жеңүүчү балдарга номинациялар жана 3 орун громаталары менен ыйгарылды. Ошондой эле 3 бала бакчанын тарбиячыларына баалуу сыйлыктар берилди. Балдарга анимациялык оюн -зооктор көрсөтүлдү.

Иш-чарага Ош шаардык мэриясынын, Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын жана Республикалык ден соолукту чыңдоо жана массалык коммуникация борборунун өкүлдөрү, мектепке чейинки даярдоо тайпасынын ата-энелери, тарбиячылар, балдар жана сынакка катышкан бала бакчанын жетекчилери катышышты.

**К.Кыдыралиева.**

Азык - түлүк коопсуздугу

# Картошканын баасы неге кымбаттады?

Дүйнөлүк рынокто азык-түлүктүн баалары керектөө талабына ылайык өзгөрүлүп тураары маалым. Бул көрүнүш мыйзам ченемдүү нерсе. Белгилей кетсек, Союз мезгилиндеги пландуу экономиканын ордуна азыр Кыргызстанда да рыноктук же базар экономикасына өткөн соң, азык -түлүк продукциясына жана башка товарларга баалар өзгөрүп, арзандап же кымбаттап турганына күбөбүз.

Мына азыркы учурда картошканын баасы кескин өсүп кетти. Бүгүнкү күндө Ош шаарында картошканын орточо баасы 55 сомго, жогорку баасы 65 сомго жетти. Картошканын баасы дагы көтөрүлүшү тууралуу да айтылып жатат. Өткөн жылы күзүндө картошканын баасы 13-15 сомдун тегерегинде болсо, жыл соңуна чейин 25 сомго чейин көтөрүлгөн, ал эми азыр 65-70 сомго чейин чыгып кетти.

Кыргызстандагы азык-түлүк инфляциясы акыркы жылдары тынымсыз жогорулап келет. Ички суроо-талаптын өсүшү, ортомчулардын бааны жасалма жогорулатышы, логистика жана ташуу чыгымдарынын көбөйүшү, климаттык шарттардын таасири менен чарбалардагы өндүрүш көлөмүнүн азайышы да баалардын өсүшүнө өбөлгө түзгөн.

Картошканын баасы кыйладан бери туруксуз болуп келди. Мисалы, Улуттук статистика комитетинин берген расмий маалыматтары боюнча 2018-жылы январь айында картошка 29 сом болсо, 2025-жылы январь айында 45 сомго чейин өскөн. Бирок, 2020-жылы 23 сомго түшкөн учур да болгон. Бул өсүш айыл чарба өндүрүшүнө климаттык шарттардын таасир этүүсү, өндүрүш көлөмүнүн өзгөрүшү жана экспорттун көбөйүшүнө байланыштуу болушу ыктымал. Картошка Кыргызстанда негизги тамак-аш продуктыларынын бири болгондуктан, анын баасынын туруксуздугу элдин күнүмдүк жашоосуна чоң таасирин тийгизет.



2025-жылдын 5-февралына карата Ош шаарында картошканын орточо баасы 55 (эң жогорку баа 65) сомго чыкты. Улуттук статистикалык комитеттин маалыматы боюнча, 2025-жылдын январында картошканын орточо баасы 43 сом болгон, бирок, реалдуу баа башканы көрсөтүп турат. Аны менен катар мындай баалар аймактык баалардын өзгөрүлмөлүүлүгүн жана ортомчулардын ролун айкын көрсөтүүдө.

Бул инфляциянын таасири, базардагы суроо-талаптын өсүшү жана логистикалык чыгымдардын көбөйүшүнө байланыштуу болушу мүмкүн. Жогорку Кеңештин депутаты Элдар Абакиров 5-февралдагы жыйында картошканын баасынын кескин кымбатташы боюнча маселени көтөрүп, КР Министрлер Кабинетин алдын ала чара көрүүгө чакырды. Анын айтымында, бир кап ун 1700-1800 сомдун тегерегинде болсо, бир кап картошка 2500-3000 сомго чейин чыккан. Бул карапайым эл үчүн оорчулук жаратып, инфляциянын айкын белгиси болуп саналат.

КР Министрлер Кабинетинин төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаевдин айтымында, картошканын дүң баасын негизсиз жогорулатуунун негизги себеби – ортомчулардын ашыкча кошумча нарк кошуусу болуп саналат. Ал белгилегендей, дыйкандар картошканы 35-40 сомдон сатып жатышат, бирок, базарларда 60-70 сомго чейин чыгып кеткен учурлар катталган.

КР Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча, 2024-жылы Кыргызстан картошканы Өзбекстан менен Казакстанга эки эсе көп экспорттогон. Бул көрүнүш да ички рынокто картошканын көлөмүнүн азайышына жана баанын өсүшүнө алып келиши ыктымал. Өндүрүштүн кыскарышы да чоң роль ойноду – айыл чарба министрлигинин маалыматы боюнча, өткөн жылы картошканын түшүмү 7,5% аз жыйналган.

Кыргызстанда азык-түлүк бааларынын өсүшү көптөгөн факторлорго байланыштуу. Экономика жана тиешелүү тармактар бул багытта комплекстүү чараларды көрүүсү кажет, муну азыркы баа боюнча абал айкын көрсөтүп турат. Дыйкандарды колдоо, өндүрүштү көбөйтүү, транспорт чыгымдарын азайтуу жана ортомчулардын көзөмөлдөө – бул баанын туруктаушуусуна алып келчү негизги кадамдар экендиги белгилүү. Ушул чаралар кабыл алынбаса, азык-түлүк кымбаттоосу уланып, элдин социалдык абалына таасирин тийгизбей койбойт.

Айрым жылдары пияз кымбаттап, баасы аябай көтөрүлүп 100 сомго чейин чыккан, дагы бир жылы сарымсак (чеснок) кымбаттап, 300 сомго чейин көтөрүлгөн, дагы бир жылы сабиз аябай арзан болуп, 1 сомго 3 килограммдан болгон, ошондой эле башка бир жылы сабиз аябай кымбаттап кеткен. Бул эмнени түшүндүрөт? Бул базар экономикасынын шарттарында баарын комплекстүү изилдеп, продукцияга жана товарга суроо -талапты, өндүрүүнү, сактоону, сатууну эске алып, калктын чөнтөгүнө зыян тийбегидей иш алып баруу зарыл экендигин көрсөтөт. Бирок, экинчи нан деп эсептелген картошкага өзгөчөрөөк мамиле болуусу кажет.

**К.Кыдыралиева.**

Семинар-окуу

# ОКУУ-ТАРБИЯ ПРОЦЕССИН ЭТНОПЕДАГОГИЗАЦИЯЛОО

**Билим берүүнүн сапаты окуучунун өздөштүргөн билими, билгичтиктери, компетенттүүлүктөрү менен бааланат. Окуучу менен түздөн түз мугалим иштейт. Ошондуктан билим берүүнүн сапатын камсыз кылуудагы негизги фигура мугалим болуп эсептелет. Кандай гана мектеп болбосун, анын сапаты анда иштеген мугалимдердин сапатынан жогору болушу мүмкүн эмес. Мектептерди жакшыртуу үчүн жакшы мугалимдерди ишке алуу жана алардын кесиптик чеберчилигин жогорулатуу маанилүү.**



Ош, Жалал-Абад жана Баткен облусунун аймактарындагы билим берүү мекемелеринде эмгектенген мугалимдер үчүн "Окуу-тарбия процессин этнопедагогизациялоо" деген темада семинар-окуу өткөрүлдү. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун педагогика, психология жана социалдык-гуманитардык билим берүү кафедрасынын башчысы, п.и.к, доцент Кыдыралиева Айтикан Раимжановна, этнопедагогика илиминен алган тажрыйбасы, билими менен бөлүштү. Билим берүүдө жана бала тарбиялоодо Этнопедагогиканын орду чоң экендигин белгилеп, анын маанилүүлүгү маңызы тууралуу кеңири түшүндүрүп берди.

Этнопедагогика темасы камтылган семинар-окуу теориялык жана практикалык презентациялар менен коштолду жана бул багытта мугалимдердин билимдерин өнүктүрүүгө өбөлгө түздү. Аягында мугалимдерге тема менен байланыштуу тесттик тапшырмалар берилип, анкетирлөө жүргүзүлдү.

Этнопедагогизациялоо – бул билим берүү процессинде улуттук өзгөчөлүктөрдү, салт жана маданиятты эске алуу, кыргыз элинин тарыхын, адабиятын жана каада-салтын колдонуу, ошону менен билим берүүнү дагы да тереңдетүү болуп эсептелет. Улуттук баалуулуктарды сактоо жана өнүктүрүү үчүн мектепте адеп-ахлакка, салтка жана улуттук каада-салтка негизделген билимдерди берүү маанилүү.

Кыргыз этнопедагогикасында элдин аң сезимин, үмүтүн жана келечекке болгон максаты чагылдырылган, бала тарбиялоонун каражаттары жана жолдору тууралуу айтылган. Бала тарбиялоо жөнүндөгү накыл ойлор муундан-муунга оозеки түрүндө берилип келе жаткан жомоктордо, макалдакаптарда, укуктук сөздөрдө, элдик ырларда сакталып, кезегинде өз милдетин аткарып келген.

Ар бир эл улуттук баалуулуктарга өтө бай. Элдин дүйнө таанымы, элдик искусствосу, философиясы, оозеки чыгармачылыгы, кол өнөрчүлүгү илим-билими миңдеген жылдардын аралыгында калыптанган. Ошол жолдо ар мезгилдин талабына, жашоо шартынын ыңгайына туура келбеген айрым бир жактарын электен өткөрүп элдин жашоосу үчүн эң керектүү деп эсептелген баалуулуктар сакталып калган.

Кыргыз элинде жаштарды салттуу мүнөзгө ээ болгон адептүүлүк, улууну урматтоо, кичүүнү сыйлоо, насаат айтуу, жаштарды сабырдуулукка, чыдамкайлыкка жана ийкемдүүлүккө тарбиялоо салты бар. Бала тарбиялоодо кыргыз элине баланы жашынан тартып турмушка, эмгекке жарактуу, чыдамкайлыкка тарбиялоо мүнөздүү. Элдик оозеки чыгармалардын кайсы түрүн албайлы, адептүүлүк, ыймандуулук, чынчылдык, намыскөйлүк, эмгекчилдик, кечиримдүүлүк жана башка сапаттар тууралуу айтылат. М: «Манас» эпосунан эле улуттук педагогиканын бардык багыттары боюнча материалдарды табууга болот.

Орустун белгилүү окумуштуусу Г.И.Волков, бала тарбиялоодо «этнопедагогика» деген терминди киргизип, ага илимий жактан мүнөздөмө берген. Анын "этнопедагогика» деген эмгектеринде этнопедагогика менен элдик педагогиканын окшоштук, айырмачылык жактарын, өз алдынчалуулугун аныктаган. Окумуштуунун пикири боюнча этнопедагогика - бир улуттун, уруунун педагогикалык маданиятын изилдеген илим.

Бала тарбиялоодо этнопедагогиканын теориялык жана практикалык мааниси чоң. Улуттук педагогиканын максаты учурда коомдук терс кылык-жоруктардан оолак болгон, өз мекенинин өсүп-өнүгүүсү үчүн салым кошкон жана улуттук каада-салт баалуулуктарын сактай билген муунду тарбиялоого жетишүү маанилүү болуп эсептелет. Этнопедагогика - салыштырмалуу жаш илимий багыт, анын жетишкендиги элдин келечеги үчүн кам көрүүдө жана жаш муундарды тарбиялоодо зор орунду ээлейт дейт Айтикан Кыдыралиева.

**А.МАТИЕВА**



# МЕКТЕП МЕНИН ДИЛИМДЕ ЖАШАП КЕЛЕТ

### ӨМҮР ЖОЛУНАН

Сагынов Абдыжапар Карабаевич 1958-жылдын 25-октябрь айында Кара-Суу районунун Мады айыл аймагына караштуу Каарман айылында туулган. Жети жашына чейин ата-энесинин колунда тарбияланган. Андан соң өз айылындагы мектептен орто билимге алдыңкы окуучулардын катарында ээ болгон. Мектепте окуп жүргөндө так илимдерге кызыккандыктан, андагы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун физика-математика факултетине окууга тапшырат. Окуу жайды ийгиликтүү аяктаган соң, билим берүү жаатындагы эмгек жолун 1980-1981-окуу жылында Кара-Суу районундагы Лермонтов орто мектебинде физика предметинин мугалими болуп иштөөдөн баштайт. 1981-1982-окуу жылында Кызыл-Кайрат орто мектебинде математика мугалими, 1982-1983-окуу жылында Б.Азизов атындагы орто мектебинде математика мугалими болуп иштейт. Ал эми 2012-2022-окуу жылдарында Кара-Суу районундагы номер №33 - "III Интернациональ" орто мектебинде директор, ал эми 2025-жылдан Б.Азизов атындагы орто мектебинин директору болуп эмгектенип келүүдө.

Кыргыз Республикасынын эл агартуусунун мыктысы төш белгисинин ээси. Мындан сырткары, КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн Ардак грамотасын алууга арзыган. Үй-бүлөлүү, эки уул, эки кыздын атасы, 11 неберелүү.






**- Мугалимдик кесипке ыктооңузга эмнелер себеп болгонун сөз башында аңгемелеп берсеңиз?**

- Эми, кандай десем мектеп босогосун биз курактуулар жети жашыбыздан аттабадыкпы. Бул учурлар тээ алтымышынчы жылдардын орто чени эмес беле. Күнүмдүк турмуштун шарданында айыл турмушунун алпурушкан зардабындагы күндөр анча мынча гана эс тутумубузда болгону менен жаштыктын көп жылдары азыр ойлосоң эсибизде калбаган сыяктанат. Жылдар өтө биз класстан класска жогорулаган сайын жашыбыздын уюткусуна ылайык тамга таанып жазганды үйрөнгөндөн тарта ой сезимибиз, кыялдануубуз дүйнө чабыттап баратканын сезип калчуубуз. Мага дээримден көтөрүнкү жүргөн жарашпачуудай сезилчү. Жашымдан жөнөкөй болуп жетилүүгө ыктадым. Окуткан эже- агайлар жашоодо бийик инсандар катары жүрөгүмдү уялап турчу. Жылдар өткөн сайын мектептин жогорку класстарында алардын жүрүм турумуна, сырткы келбеттерине суктануучулуктун таасиринде келечекте мугалим болууну самаган кыял мени бийлеп алгансыды.

Мектепте окуучулук күндөр тез эле өтүп кеткесиди. Таалим-тарбиянын таасири жакшы болгондуктан предметтик сабактарды жакшы өздөштүрүүгө аракетим бар болчу. Өзүмдү жакшы окудум деп көтөрүнкү баалоого жол бергим келбейт. Бирок жакшы окуучулардан элем. Предметтик сабактардан физика, математикага шыктуу болчумун. Аталган предметтер боюнча райондук, облустук сынактарга катышып жүрдүм. Ошондон улам физик-математик мугалими кесибин тандап алсам керек.

**- Кусалыгыңыз менен жогорку окуу жайына тапшырганда аталган кесипти тандап алган турбайсызбы?**

- Ошондойго! Мен мектепти аяктаарым менен ошол учурдагы өлкөбүздүн түштүк чөлкөмүндөгү жападан жалгыз жогорку окуу жайы болгон Ош Мамлекеттик педагогикалык институтунун физика-математика факултетине окууга тапшыргамын го. Мында көп деле өзгөчөлүк жок. Негизгиси мектепте сүйүп окуган физика-математика илимине кусалыгым болгон чыгаар.

Анан калса физика-математика кызыктуу тактыкты талап кылган илим эмеспи. Логикалык жактан көп ойлонуунун таасирине жетелегени ушул кесипти тандап алууга түрткү болгон чыгаар.

**- Жыйырма эки жашыңызда мугалимдик кесипти аркалапсыз?**

-Чындыгында ошондой. Мектепти он жети жашымда аяктасам, төрт жыл жогорку окуу жайында билим алдым. Ортолукта үзүл-кесилдик болгон жок. Кайрадан эле мектеп босогосун аттаган мугалим болдум. Өзүмдөн жашы улук болгон эжей-агайлар менен кырчындай мезгилде иштешип калдым. Алардын иштөө ыкмаларынан, бай тажрыйбаларынан көп нерселерди үйрөндүм. Өзүмдүн кулк мүнөзүндөгү калыптанган кесиптик өзгөчөлүгүмдү бирөөлөргө таңуулагандан азели алыс жүргөнсүдүм. Тэк гана терең билимдүү адептүү келечек муундарды тарбиялоонун үстүндө эмгектенгенимди азыр канчалаган жылдар өткөндөн соң ичимден сызып эңшерилгенсиймин. Биз окуучу мезгилде Билим алуу, "Ийне менен кудук казгандай " деген осуяттуу сөздү дээрибизге терең сиңиргендиктенби окуучулардын сапаттуу билим алуусуна өзүм да талапты катуу коюп келем. Эжей -агайларга да көп жактуу учур шартына жараша билим тарбия берүүсүнө жана келечек муундун заман бап тарбиялуу болуусуна ыңгайлуулуктарды түзүүгө аракеттенип келебиз.



**- Көп жылдык иш тажрыйбаңыз бар экен. Азыркы жетекчилик ишиңизден баяндап берсеңиз?**

-Менин билим тарбия жатында иштегениме кырк беш жыл болду. Эмгектик тажрыйбама карагандa бүт пешене тер, таман акымды жаш муундарды ак ниетимде тарбиялоого арнадым. Окуткан окуучуларым коомчулукта татыктуу ооруңдарды тапкан жакшы инсандардан болду деп айтсам жаңылбасмын. Көп жылдык мугалимдик кесиптин отуз төрт жылын жөнөкөй предметтик физика-математика мугалими болдум. Ушул жылдардын аралыгында класс жетекчилик тарбиялык милдеттерди да аткарууга туура келди. Окуу тарбия ишиндеги көп жылдык эмгек тажрыйбам эске алындыбы 2012-жылы райондогу №33- "III Интерноционал" орто мектебине директорлука даярдалдым. Бул кызмат орунда татыктуу эмгектенүү менен бирге мектептеги окуу тарбиялык иштерди алдынкы планга багыттап, билим сапатын жогорку деңгээлге көтөрүүгө жетишилди деп сыймыктануу менен айта алам.



Ал эми 2025-жылдан номер 40-Бектемир Азизов атындагы орто мектепте директорлук кызматта эмгектенип келүүдөмүн. Аталган мектеп 1990-жылы курулуп окуу тарбиялык иштерин жүргүзүү үчүн пайдаланууга берилген. Билим мекемебиз райондогу түптүү мектептердин катарына кирет. Ал учурда 624 орунга пландалган . Учурда мектепте 957 окуучу билим тарбия алып жатат. Анын ичинен 1-4-класска чейинки окуучулардын саны 498 түзөт. Төмөнкү класстардын окуучулары бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасынын жаатында бир жолку ысык тамак ичишине шарттар түзүлгөн.

Ушул күндө билим ордосунда 64 мугалим үзүрлүү эмгектенет. Алардын окуу, тарбиялык иштерде мол тажрыйбалары барлары кесиптик ишинде өзгөчөлөнгөндөрү, мугалимдик кесиптин сырларын жаңыдан өздөштүрүүгө кадам таштагандары да бар. Коллектив негизинен ынтымактуу. Жашы жогорулаган, өз устаттыгын мыкты өздөштүргөн мугалимдер жаш педагоктордон билгендерин бөлүшүү таасиринде билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында ынтымакчылык менен иштөөгө аракеттенишет. Мектебибизде окуучулардын билим сапаты канааттандырарлык десек аша чапкандык эмес. Мугалимдердин арасынан Курбаналиева Базаргүл, Максатова Зарипа жана Абдыганиева Жылдыздар Кыргыз Республикасынын эл агартуусунун мыктысы төш белгилеринин ээси. Мектепте негизги билим берүү иштерибиз менен кошо билим тармагына байланышкан көптөгөн иш чаралар кызыктуу өткөрүлүп турат.

**- Агартуу багытындагы көп жылдык педагогдук жетекчи кызматкер катары келечек муундарга каалоңуз болсо керек?**

-Азыр Кыргызстан өзүнчө эгемендүү өлкө болгондон бери билим берүү тармагына опол тоодой көңүл бурулуп жатат. Кийинки үч, төрт жылда эле көп иштер жасалууда. Мектептерде билим сапатына жакшы көңүл бурулуу менен анын үзүрүн камсыз кылуучу педагокторду иш үзүрүнө жараша материалдык жана моралдык стимулдаштыруу иштери жүргүзүлүүдө. Мугалимдерди негизги жумуштарынан башка чарбалык иштерге тартуу жактары жогорку жактардын көрсөтмөсү менен токтотуу колго алынууда. Эми мугалимдер билим сапатын жогорулатуунун үстүндө гана иштешет. Бул келечекте билимдүү коомдун жүгүн белдүү көтөрүүгө даяр жаш муундардын контингенти өсүп чыгат дегенге өбөлгө десек болот. Ошондон улам 2025-2026-окуу жылында республикабызда он эки жылдык окуу-тарбия процеси киргизилип жатканы жөн жерден болбосо керек. Аталган иштерге биздин мектебибизде да даяргерликтер жүрүп жатканын белгилегим келет.

**- Аңгемеңизге рахмат!**

**М. Жуманазаров.**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БААТЫРЫ, КЫРГЫЗ ЭЛ АКЫНЫ СООРОНБАЙ ЖУСУЕВГЕ - 100 ЖЫЛ

**Жамы кыргыз элине ысымы белгилүү болгон атактуу акын жана Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери, Кыргыз Эл акыны жана Кыргыз Эл баатыры, Сооронбай Жусуев көзү тирүү болгондо 100 жашка чыкмак. Акындын өмүр баянына кайрыла турган болсок, ал 1925-жылы 15-майда Кара-Кулжа районуна караштуу Алай-Куу өрөөнүндөгү Кызыл-Жар кыштагында туулган.**



Акын өзүнүн туулгандыгы тууралуу мындай ыр саптарын жазган:

"Алай-Кууда дүйнөгө табылганмын,
Ай, Күнүнүн нурларын жамынганмын.
Так түшүнүп таалайым ырда экенин,
Татаал жолдуу сапарга камынгамын".

Сооронбай Жусуев айыл мектебин бүтөрү менен 18 жаш курагында 1943-жылы советтик аскердин катарына чакырылып, Улуу Ата Мекендик согушка катышат, кан майданда элин, жерин коргойт. Советтик жоокерлердин катарында каны, жанын аябай, немецтик баскынчыларды мекенден кууп чыгууга тайманбай тике карайт. Согуштун акырына чейин Панфилов атындагы 8-гвардиялык дивизияда байланышчы болуп кызмат өтөйт. Майданда эки жолу жарадар болгон. Акындын "Алдыга жүргүн, кыргыздар!" "Биз жеңишчил", "Жаркынга" деген алгачкы ырлары ошол кандуу 1943-жылы жаралган.

Улуу Ата Мекендик согуштан кайткандан кийинки 1946–1947-жылдары Совет районунун "Коммунизм үчүн" гезитинде жоопту катчы болуп иштеп, 1947–1949-жылдары Ош мамлекеттик мугалимдер институтунда билим алат. Аталган окуу жайынын кыргыз тили жана адабияты факультетин артыкчылык диплому менен бүтүргөндөн кийин, 1951-жылы Ош облустук "Ленин жолу" гезитинин редакциясында бөлүм башчы болуп ишке орношот. Ошол эле жылы Москва шаарындагы Максим Горький атындагы адабият институтуна окуга өтөт.

Москвадан окууну аяктап келгенден кийин Сооронбай Жусуев 1959-жылга чейин "Ала-Тоо" адабий көркөм журналынын башкы редактору, "Чалкан" сатиралык журналында жоопту катчы болуп эмгектенет.

Акын 1949-жылы СССР жазуучулар союзуна кабыл алынат. 1960–1986-жылдары акын Кыргызстан жазуучулар союзунун аппаратында адабий кеңешчи болуп иштейт.

1950-жылы алгачкы "Эмгек күүсү" аттуу ыр жыйнагы басмадан чыккандан кийин, акындын дагы 30дан ашык китеби өз эне тилинде, 14 китеби орус тилинде жарык көргөн. Ырлары казак, өзбек, украин, азербайжан, тажик тилдерине жана башка чет тилдерине да которулуп чыгат.

Сооронбай Жусуев өзү да чебер котормочулук менен Шекспир, Пушкин, Лермонтов, Шевченко, Абай, Мактымкули, Исаакян, Омар Хайам, Маяковский, Есенин, Гамзатов, Кулиев сыяктуу бир топ акындардын чыгармаларын кыргыз окурмандарына тартуулаган.

Сооронбай Жусуевге кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө кошкон зор салымы үчүн 1981-жылы "Кыргыз эл акыны" наамы ыйгарылган. Сооронбай Жусуевдин 70тен ашык ырларына музыка жазылган. Алардын арасында Рыспай Абдыкадыров обон салган "Айтсаң боло", "Кымбатым" аттуу ырларын айтсак болот. Асылбек Өзүбеков "Кош жылдыз" аттуу ырына, Исрадин Аманбаев "О, анда көктөм эле" ырына обон жазган. Мындан башка да көптөгөн ырларына музыка жазылган.

Сооронбай Жусуевдин 2003-жылы өзүнүн небересине арнап жазган "Канат менен Зарина" махабат дастаны орус, тажик, түрк, өзбек, кытай ж.б. тилдерге которулуп, өзүнчө китеп болуп чыккан.

Акын 1998-жылы "Кыргызстандын эл агартуусунун отличниги", "Казакстандын эмгек сиңирген кайраткери" деген наам алат. "Курманжан датка" аттуу ыр түрүндөгү романы үчүн 1998-жылы Сооронбай Жусуев Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыкка татыктуу болгон.

Белгилей кетсек, 2005-жылы Бүткүл дүйнөлүк интеллектуалдык менчик уюму Сооронбай Жусуевдин чыгармачылык ийгиликтерин баалап, Алтын медаль менен сыйлаган. 2007-жылы "Кыргыз Республикасынын Баатыры" деген наам ыйгарылып, "Ак Шумкар" төш белгиси тапшырылган.

Сооронбай Жусуевдин ысымын түбөлүккө калтыруу максатында жана анын урматына акындын кичи мекени Кара-Кулжа районуна караштуу Сай-Талаа айылындагы орто мектепке жана Кара-Суу районуна караштуу Жар-Ооз айылындагы орто мектепке Сооронбай Жусуевдин ысымы берилген.

Сооронбай Жусуев 50-жылдардан баштап өмүрүнүн акырына чейин кыргыз адабиятында чыгармачылык изденүү менен талыкпай эмгектенип келди. Академик Абдылдажан Акматалиевдин жалпы редакциясы астында 1918-жылы "Турар" басмаканасында жарык көргөн "Сооронбай Жусуев" аттуу китепте акын тууралуу кенен пикирлер айтылган. Анда акындын алгачкы тажрыйбалык процесси баштан өткөрүүсүндө көпчүлүк жаш акындар сыяктуу эле «алыкулдук агымдын» толкунунда болгондугу айтылган. Анын үйрөнчүк деңгээлде жүргөндүгүн тырмак алды «Эмнеликтен сүйөмүн» деген жыйнагы күбөлөп турат.

Бирок, С.Жусуевдин кийин поэзиядагы өз чыйырын табууда өтө талбай изденүүдө болгондугу «Чындык менен ыр» (1952), «Өмүр жазы» (1955), «Сүйүү жана ишенич» (1956) жыйнактарында көрүнөт.

С.Жусуевдин Москвадан окуусу анын профессионалдык деңгээлге көтөрүлүүсүнүн алгачкы баскычы эле. Билими тереңдеп, руханий көз карашы кеңейип, эстетикалык табити артып келди. Бул дароо эле «Үмүт» (1960) жыйнагында көзгө урунду. Акындын поэтикалык диапазону, масштабы, көркөмдүгү, стили, манерасы бийиктей, тереңдей түшкөнүн лирикалык көптөгөн саптары айгинелеп турат. Ошону менен бирге лирико-психологиялык мүнөздөгү «Үмүт», «Жаркын» поэмалары өзгөчөлөнөт.

С.Жусуев каармандардын жан дүйнөсүнө таандык көзгө илешпеген касиеттерди көркөм чагылдыра алган. «Түрмөк буттар» (1969), «Алтын чынар» (197Н), «Суктануу» (1977), «Бийик асман» (1979), «Миң кайрык» (2000) жыйнактарындагы поэтикалык образдар, граждандык позиция, гуманисттик ой жүгүртүүлөр, идеялык-эстетикалык жалпылоолор, көркөм чабыттык масштабдуулук, курч конфликтер, психологиялык бурулуштар акындын эволюциялык диалектикасын мүнөздөп берет.

С.Жусуев башка акындар сыяктуу эле өз заманынын инсаны болгондуктан, социализм мезгилиндеги ийгиликтерди, партиянын тапшырмасын абийирдүүлүк менен аткарып жатышкан советтик эмгекчилердин кужурмөн эмгектерин даңазалап ырдаган. Бул лирикалык ырлар менен поэмаларды акындын чыгармачылыгынан сызып салуу мүмкүн эмес. Мисалы, «Суктануу» поэмасы Токтогул ГЭСинин курулушу тууралуу баяндайт. Жаштар эмгекте бышат, тарбияланат, өсөт деген идея поэманын өзөгүн түзөт, ошону менен бирге көп улуттуу элдердин достугу сүрөттөлөт.

Сонет формасын кыргыз поэзиясында ийгиликтүү уланткан С.Жусуев болгон. Бардык акындар сыяктуу эле С.Жусуевдин акындык эргүүсүн козгогон темалар өтө ар түрдүү. С.Жусуев өмүр, өлүм, сүйүү сыяктуу темаларга кайрылып, Ала-Тоонун көркүн ырга кошот. Ошону менен бирге С.Жусуевдин ырларында согуш, тынчтык темасы өзгөчө орунду ээлейт, себеби бул тема акындын жеке өмүрлүк тажрыйбасы менен да шартталган. Буга «Бийик асман» китебиндеги «Таңдагы ойлор», «Адам менен табийгат» сонеттер алкагы жана майда сонеттери күбө боло алат. Мындан тышкары, «Кубаныч», «Бейпил түндө», «Мамиле» деген сонеттер алкагын жараткан. Тандалган чыгармалар пайдалануда деген суроого жооп катары жазгандай. Азыркы учурда коомдун актуалдуу проблемаларынын бири – адам менен жаратылыштын карым-катышы. Адам менен табияттын биримдиги жашоону түзгөндүктөн, ал тартуулаган белекти ыйы менен пайдаланып, ага этият мамиле кылсак, табият алдында өз милдетибизди аткарган болобуз. Мына ушул маселе акынды түйшөлтүп, ошонун натыйжасында «Адам менен табият» аттуу сонеттер алкагын жазган. Мында табиятка өтө этият мамилелердин зарылдыгы ырааттуу салыштыруулар аркылуу тартуулайт.

Акын согуштун апаат күндөрүндө курал кармап, өзү катышып келген акындардын бири. Ошондон улам согуш темасы акындын калемине күч кубат берген, шыктандырган булакка айланды. «Кубаныч» аттуу сонеттер алкагынан алынган, акын каардуу согуштун аяктап, эне баласын чоң кубаныч менен тосуп алганын, ал эненин образы аркылуу бүткүл элдин, бүткүл дүйнөдөгү энелердин образын берип отурат. Чындыгында эле дал ушул энедей аял заты сүйүнүчтүн, кубануунун, сагынуунун жашы менен өз уулдарын, сүйгөн жарын, кусалыктан атасын күткөн балдар тосуп алышкан эмес беле?!

С.Жусуев лирикалык ырлардан тартып ыр менен жазылган романга чейинки көркөм дүйнөнү жараткан, кыргыз поэзиясында өзүнүн жүзү, өзүнүн салмактуу орду бар акын.

Окурмандарга акындын ырларынан сунуштайбыз.

## АЛА-ТООНУ САКТАЙ КӨРГҮН, ЖАРАТКАН!

Кыштактардын каптап аккан ташкынды,
Каары күчтүү катуу бороон-чапкынды
Күндө теле көрсөтөт
Дүйнөдөгү түрдүү-түркүн тараптан.
Андан кыйын кырсыктан
Ала-Тоону, сактай көргүн, Жараткан!
Кызыл өрттү токойлорду жалмаган,
Жарылууну, булүнүүнү сандаган
Күндө теле көрсөтөт
Дүйнөдөгү түркүн-түркүн тараптан.
Андай кыйын кырсыктан
Ала-Тоону сактай көргүн, Жараткан!
Үйлөр урап, жар титиреп өткөнүн,
Нечен өмүр шам чырактай өчкөнүн
Күндө теле көрсөтөт
Дүйнөдөгү түрдүү-түркүн тараптан.
Андай кыйын кырсыктан
Ала-Тоону сактай көргүн, Жараткан!

***

Кармаш болуп, бирин-бири атканын,
Канча энелер боздоп ыйлап жатканын,
Күндө теле көрсөтөт.
Дүйнөдөгү түрдүү-түркүн тараптан,
Андай кыйын кырсыктан,
Ала-Тоону сактай көргүн, Жараткан!
Эл менен эл, дин менен дин касташып,
Жаткандыгын мүдүрүлүп, аксашып,
Күндө теле көрсөтөт.
Дүйнөдөгү түрдүү-түркүн тараптан,
Андай кыйын кыргындан,
Ала-Тоону сактай көргүн, Жараткан!

**Даярдаган: К.Кыдыралиева.**

### Акционерлер чогулушу

«Т. Каримов атындагы Өзгөн-Дан-Азык» ачык акционердик коому 2025-жылдын 20-апрелинде саат 11-00 акционерлердин жылдык жалпы чогулушу өткөрүлө тургандыгы жөнүндө маалымдайт.

КҮН ТАРТИБИ:

1. Эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү.

2.Башкармалыктын 2024-жылдагы финансы-чарбачылык иштери боюнча отчетун бекитүү.

3. Текшерүү комиссиясынын отчету.

4. Жылдык балансты, киреше жана чыгашанын эсебин бекитүү.

